**«KICB менен Элкарт Pay – чек арасыз төлөмдөр!» акциясын өткөрүү эрежелери**

## 1. Жалпы жоболор

1.1 Ушул эрежелер «Кыргыз Инвестициялык-Кредит Банкы» жабык акционердик коому тарабынан **«KICB менен Элкарт Pay – чек арасыз төлөмдөр!»** акциясын өткөрүүнү жөнгө салат.

1.2 Ушул эрежелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына жана Банктын ички ченемдик документтерине ылайык иштелип чыккан.

1.3 Акция ушул эрежелерде камтылган айкын оферта шарттарында өткөрүлгөн маркетингдик иш-чара болуп саналат. Акция Кыргыз Республикасынын аймагында өткөрүлөт.

## 2. Терминдер жана аныктамалар

**Акция** – ушул Эрежелер менен белгиленген тартипте жана шарттарда Кардарлар үчүн Банк тарабынан өткөрүлүүчү «KICB менен Элкарт Pay– чек арасыз төлөмдөр!» акциясы.

**Банк** (KICB) – «Кыргыз Инвестициялык-Кредит Банкы» жабык акционердик коому, КРУБ №046 лицензиясы, юридикалык дареги: 720040, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Эркиндик бул., 21, Акцияны уюштуруучу.

**Карт** – Банк эмитирлеген Элкарт төлөм системасынын банктык карты.
**Акциянын катышуучусу** – ушул Эрежелердин 5-бөлүмүндө саналган талаптарга ылайык келген жеке жак.
**Жеңүүчү** – ушул Эрежелердин 7-бөлүмүндө көрсөтүлгөн тартипте жеңүүчү деп таануу үчүн жетиштүү Акциянын Эрежелерин толук ченемде аткарган Акциянын катышуучусу.
**Транзакция** – бул Банктын жана башка банктардын POS-терминал жабдууларында Элкарт Pay электрондук байланышсыз төлөмдөр сервиси аркылуу товарларга, иштерге жана кызматтарга төлөөдөгү операциялар.

## 3. Бардык этаптарды эске алуу менен Акцияны өткөрүүнүн жалпы мезгили

3.1. Акцияны өткөрүү мезгили: 2023-жылдын 1-декабрынан 2024-жылдын 29-февралына чейин кошо алганда, жеңүүчүлөргө байгелерди берүү мөөнөтүн эсепке алуусуз.

## 4. Байге фонду жана Акциянын алкагындагы утуш этаптары

4.1 Акция 3 (үч) орто аралык этапта жана 1 (бир) негизги этапта өткөрүлөт, алардын ар бири өзүнчө каралат.

4.2 Акциянын байге фонду:

| Жеңүүчүлөрдү жарыялоо датасы | Орун | Байге |
|---|---|---|
| **№1 орто аралык этап (01.12.2023 баштап 31.12.2023 чейин)** | | |
| **2023-жылдын 15-декабры** | 1-орун | Микротолкундуу меш |
| | 2-орун | Мультиварка |
| | 3-орун | Үтүк |

| | | |
|---|---|---|
| **№2 орто аралык этап (01.01.2024 – 31.01.2024 чейин)** | | |
| **2024-жылдын 15-январы** | 1-орун | Микротолкундуу меш |
| | 2-орун | Мультиварка |
| | 3-орун | Үтүк |
| **№3 орто аралык этап (01.02.2024 – 29.02.2024 чейин)** | | |
| **2024-жылдын 15-февралы** | 1-орун | Микротолкундуу меш |
| | 2-орун | Мультиварка |
| | 3-орун | Үтүк |
| **Негизги этап этап (01.12.2023 – 29.02.2024 чейин)** | | |
| **2024-жылдын 15-февралы** | 1-орун | Плазмалык телевизор |
| | 2-орун | Муздаткыч |
| | 3-орун | Кир жуугуч машина |

*Байгелердин наркы Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык бардык салыктарды жана жыйымдарды камтыйт.

## 5. Катышуучуларга карата талаптар

5.1 Акциянын катышуучулары болуп 16 жашка толгон, төлөм карттарынын ээлери болуп саналган, Кыргыз Республикасынын жарандыгына ээ болгон жана Акцияга катышуу үчүн зарыл шарттарды аткарган бардык жеке адамдар саналат.

5.2 Уюштуруучунун кызматкерлери, алар менен аффилирленген жактардын кызматкерлери, Акцияны даярдоого жана өткөрүүгө катышкан, Акцияны өткөрүүнү уюштурууга же жеңүүчүлөрдү аныктоо жол-жобосуна түздөн-түз катышкан уюмдардын кызматкерлери, ошондой эле бардык айтылган адамдардын үй-бүлө мүчөлөрү акцияга катыша алышпайт. Ошондой эле юридикалык жактарга жана Банк тарабынан 2023-жылы өткөрүлгөн башка Акциялардын жеңүүчүлөрүнө акцияга катышууга жол берилбейт.

## 6. Акцияга катышуу шарттары

6.1 Акция, Уюштуруучу жана катышуунун бардык эрежелери жөнүндө толук маалыматтын булагы www.kicb.net жана www.ipc.kg (мындан ары – "Сайт") Интернет-сайты болуп саналат.

6.2 Акциянын катышуучусу Банктын Элкарт картынын ээси болууга тийиш.

6.3 Товарларды, иштерди жана кызмат көрсөтүүлөрдү төлөө боюнча операцияларды Элкарт Pay электрондук байланышсыз төлөмдөр сервиси аркылуу Банктын POS-терминал жабдууларында жана башка банктардын POS-терминал жабдууларында жүргүзүү.

6.4 Акциянын орто аралык этаптарында бир карт боюнча 200 (эки жүз) сомдон кем эмес суммада кеминде 15 (он беш) транзакция жүргүзүү.

6.5 Акциянын бүтүндөй мезгилинде бир карт боюнча 200 (эки жүз) сомдон кем эмес суммада кеминде 45 (кырк беш) транзакция жүргүзүү.

6.6 2021-жылдын 1-декабры саат 00:00гө чейин жана 2024-жылдын 29-февралында саат 23:59 кийин жүргүзүлгөн Транзакциялар эсепке алынбайт.

6.7 Бир соода түйүнүндө бөлүнгөн суммалар эсепке алынбайт. Бир соода түйүнүндө 120 (жүз жыйырма) мүнөттүн ичинде жүргүзүлгөн эки же андан көп Транзакциялар бир Транзакция катары эсептелет.

6.8 Акциянын бүтүндөй мезгилинде бир эле түйүндө жүргүзүлгөн Транзакциялар эсепке алынбайт.

6.9 Кайтаруулар болгон сатып алуулар эсепке алынбайт.

6.10 Бир орто аралык этаптын мөөнөтүндө жүргүзүлгөн транзакциялар кийинки орто аралык этапка өткөрүлбөйт, бирок негизги этаптын жеңүүчүлөрүн аныктоо үчүн эсепке алынат.

6.11 Акциянын Катышуучусу үч орто аралык этаптын биринде гана жеңүүчү боло алат.

6.12 Негизги этаптын жеңүүчүсү орто аралык этаптын жеңүүчүсү болушу мүмкүн.

## 7. Жеңүүчүлөрдү аныктоо тартиби

7.1 Жеңүүчүлөр Акциянын жыйынтыгы боюнча Уюштуруучу тарабынан төмөнкү тартипте аныкталат:

7.1.1 Орто аралык этаптар. Орто аралык мезгилде байге алган жеңүүчүлөрдүн жалпы саны-9 катышуучу. Орто аралык мезгил ичинде эсепке алынган транзакциялардын эң көп санын жүргүзгөн Акциянын катышуучулары байгелерге укук алуучу жеңүүчүлөр болуп саналат.

7.1.2 Өткөрүлүп жаткан Акциянын орто аралык этаптарынын ар бири аяктагандан кийин Уюштуруучу Акциянын Катышуучуларынын эсепке алынган транзакциялары боюнча маалыматтар менен тизмелерди түзөт. Орто аралык этап аяктаган учурдан тартып 15 календардык күн өткөндөн кийин жыйынтык чыгарылат жана ушул Эрежелердин 8-бөлүмүнө ылайык тиешелүү орто аралык этаптын жеңүүчүлөрү жарыяланат.

7.1.3 Негизги этап. Негизги мезгилде байге алган Жеңүүчүлөрдүн жалпы саны - 3 катышуучу. Байгеге укук алган Жеңүүчүлөр болуп негизги мезгил ичинде эсепке алынган транзакцияларды эң көп көлөмдө жүргүзгөн Акциянын катышуучулары эсептелет.

7.1.4 Өткөрүлгөн Акциянын негизги этабы аяктагандан кийин Уюштуруучу акциянын катышуучуларынын эсепке алынган транзакциялары боюнча маалыматтар менен тизмелерди түзөт. Негизги этап аяктаган учурдан тартып 15 календардык күн өткөндөн кийин ушул Эрежелердин 8-бөлүмүнө ылайык жыйынтык чыгарылат жана жеңүүчүлөр жарыяланат.

7.1.5 Транзакциялардын саны бирдей болгон учурда, жеңүүчү жүргүзүлгөн Транзакциялардын эң чоң көлөмү боюнча аныкталат.

7.1.6 Транзакциялардын көлөмү бирдей болгон учурда, жеңүүчү жүргүзүлгөн транзакциялардын эң көп саны боюнча аныкталат.

7.1.7 Транзакциялардын көлөмү жана саны бирдей болгон учурда, жеңүүчү Банктын Элкарт банктык картынын эрте ачылган күнү боюнча аныкталат.

7.2 Уюштуруучу тарабынан Акцияга катышуу тартибин жана эрежелерин бузуулар аныкталган учурларды кошпогондо, акцияны өткөрүүнүн жыйынтыктары акыркы болуп саналат жана кайра кароого жатпайт

7.3 Уюштуруучу тарабынан Акцияга катышуу тартибин жана Эрежелерин бузуулар аныкталган учурлардан тышкары, Акцияны өткөрүүнүн жыйынтыктары акыркы болуп саналат жана кайра кароого жатпайт.

## 8. Жеңүүчүлөрдүн Байгелерди алуу тартиби

8.1. Уюштуруучу Акциянын жыйынтыктары жарыяланган учурдан тартып 5 жумушчу күндүн ичинде Жеңүүчүлөргө телефон же башка байланыш маалыматтары аркылуу маалымдайт. Эгерде туура эмес байланыш маалыматы берилгендиктен же Акцияны өткөрүү мөөнөтүнүн ичинде башка себептерден улам, Акциянын Жеңүүчүсү менен байланышуу мүмкүн болбосо, Жеңүүчүдөн кийинки Катышуучу байге алуу укугуна ээ болот.

8.2. Байгелер Акциянын жеңүүчүлөрү аныкталгандан кийин Уюштуруучунун кеңсесинин аймагында өткөрүлөт. Уюштуруучу Жеңүүчүгө телефон аркылуу сыйлыктын так дарегин жана тапшыруу күнүн билдирет.

8.3. Жеңүүчү байге алган жерге чейин жана кайра кайтуу үчүн, ошондой эле байгени жашаган жерине жеткирүү үчүн бардык чыгымдарды толугу менен өзүнө алат. Бул чыгымдар эч кандай шартта Уюштуруучуга жүктөлүшү мүмкүн эмес.

8.4. Байгелер Акциянын жыйынтыктары жарыяланган учурдан тартып 30 күндөн кечиктирилбестен тапшырылат.

8.5. Акциянын жеңүүчүсү байгелерди тапшырганга чейин Уюштуруучу тарабынан салык органдарына маалымат берүү үчүн Байгени алуу үчүн зарыл болгон маалыматтарды жеке өзү бериши керек (жеке жактардын кирешесине салык төлөө), атап айтканда:

- паспорттук маалыматтар (сериясы, номери, берилген күнү, берген органдын аталышы);
- почта индекси менен иш жүзүндө жашаган дареги;
- шаардын коду менен байланыш телефонунун номери (лери);
- туулган жылы;
- почта индекси менен жашаган жери боюнча каттоо дареги;
- жеке идентификациялык номер.

Маалыматтар тиешелүү форманы толтуруу жана зарыл маалыматтарды камтыган документтердин көчүрмөлөрүн берүү жолу менен же болбосо берилген маалыматтардын тууралыгын текшерүүгө мүмкүндүк берген башка ыкма менен берилет. Эгерде көрсөтүлгөн көлөмдө жана мөөнөттө (Акциянын жыйынтыктары жарыяланган учурдан тартып 20 күнгө чейин) маалыматтар Уюштуруучуга берилбесе, Жеңүүчү Байгени алуу укугунан ажыратылат.

8.6 Жеңүүчү Байгени тапшыруу учурунда Уюштуруучу тарабынан берилген, аны алгандыгын тастыктаган документти (Байгени кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы) толтуруп, кол коюшу керек. Жеңүүчүнүн байгени алгандыгын тастыктаган документти толтуруудан баш тартуусу, ага тете толук эмес/анык эмес маалыматты көрсөтүүсү жана/же аталган документти толтуруу үчүн зарыл болгон бардык маалымат берилбеген же өз убагында берилбеген учурда бул Жеңүүчүнүн Байгеден баш тарткандыгын билдирет.

8.7 Байгени алуу жөнүндө актыга кол коюлгандан кийин Уюштуруучу байгени жеңүүчүгө өткөрүп берет.

8.8 Байгени алууда, байгени утуп алды деп таанылган Катышуучу Уюштуруучунун суроо-талабы боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өздүгүн тастыктаган документин көрсөтүшү керек.

8.9 Жеңүүчү байгени алуудан баш тарткан учурда, Уюштуруучу мындай баш тартуунун кесепеттери үчүн Катышуучунун алдында жоопкерчилик тартпайт жана тиешелүү Байгенин наркынын акчалай эквивалентин төлөөнү же аны башка байгелер менен алмаштырууну жүргүзбөйт. Мындай Жеңүүчүгө берилүүгө тийиш болгон Байге талап кылынган жок деп таанылат жана Уюштуруучу аны өз каалоосу боюнча тескөөгө укуктуу.

8.10 Уюштуруучу Акциянын катышуучусу фамилиясын, атын жана атасынын атын же почта дарегин туура эмес берген учурда, ошондой эле ушул Эрежелердин 8.5-пунктунда көрсөтүлгөн документтерге кол койбогондугунун / бербегендигинин натыйжасында Катышуучуга утушту тапшырбаган учурда жоопкерчилик тартпайт.

## 9. Акциянын катышуучуларынын укуктары жана милдеттери

9.1 Акциянын катышуучулары Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген укуктарга ээ жана милдеттерди аткарышат.

9.2 Акциянын Катышуучусу башкалардын катарында Акциянын шарттарына ылайык Акция жөнүндө маалымат алууга укуктуу.

9.3 Акциянын ар бир катышуучусу Акцияга катышуудан баш тартууга же кармануууга укуктуу.

9.4 Өздөрү жөнүндө жеке маалыматтарды ыктыярдуу берүү менен Акциянын Катышуучулары бул Акциянын максаттары үчүн маалыматтарды чогултууга, сактоого, пайдаланууга, иштеп чыгууга жана жайылтууга макулдугун билдиришет.

9.5 Акцияга катышуу фактысы анын бардык Катышуучулары ушул Эрежелерге макул экендигин, ошондой эле Уюштуруучу тарабынан алардын фамилиясы, аты жана сүрөттөрү жарнамалык максаттарда колдонулушу мүмкүн экендигин билдирет. Акциянын Жеңүүчүлөрү Акцияга катышуу жөнүндө, анын ичинде радио жана телекөрсөтүү боюнча, ошого тете башка жалпыга маалымдоо каражаттарында жарнамалык интервью берүүгө же бул үчүн кандайдыр бир сый акы төлөбөстөн графикалык жарнамалык материалдарды даярдоо үчүн тартылууга макул болушат. Мындай интервьюга бардык автордук укуктар Уюштуруучуга таандык болот.

9.6 Байгени алуу үчүн Акциянын катышуучусу Акцияны өткөрүү мөөнөтүнүн ичинде ушул Эрежелерге ылайык андан талап кылынган бардык иш-аракеттерди аткарууга милдеттүү. Акцияны өткөрүү шарттын (шарттарын) сактабоо Катышуучунун Акцияга катышуудан баш тартуусун жана Байгеден баш тартуусун билдирет.

9.7 Акцияны өткөрүүнү токтото туруу же мөөнөтүнөн мурда токтотуу Акцияны Уюштуруучуну Акцияны токтото туруу же мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө Уюштуруучу ачык билдирген учурга карата Катышуучуда пайда болгон алуу укугун Акциянын Катышуучусуна өткөрүп берүү же берүү зарылчылыгынан бошотпойт.

9.8 Уюштуруучу талап кылынбаган Байгелерди өз каалоосу боюнча пайдаланууга укуктуу.

9.9 Уюштуруучу Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленгендей Акциянын Жеңүүчүсү тарабынан Байгени алууга байланышкан бардык колдонулуучу салыктарды төлөөнү жүзөгө ашырат.

9.10 Байгелердин сапатына карата Уюштуруучунун милдеттенмелери түздөн-түз кызмат көрсөтүүчү жактар тарабынан берилген кепилдиктер менен чектелет. Акциянын Байгелерининин сапатына карата жеңүүчүлөрдүн дооматтары түздөн-түз тийиштүү кызматтарды көрсөткөн жактарга берилүүгө тийиш.

9.11 Уюштуруучу Акциянын Катышуучусунун туура эмес деп табылган аракеттерининин/аракетсиздигинин кандайдыр бир кесепеттери, анын ичинде (бардыгынан тышкары) ал тарткан чыгашалар үчүн жооп бербейт.

9.12 Уюштуруучу, эгерде Уюштуруучуда Акциянын жүрүшүндө Катышуучу (же анын ордуна аракеттенген башка жак) техникалык, программалык же башка каражаттар аркылуу добуш берүүнүн натыйжаларына таасир этүүгө аракет кылып жатат деген шектенүү жаралган учурда Катышуучуну Акцияга катышуудан четтетүүгө укуктуу.

9.13 Эгерде катышуучу өзү жөнүндө туура эмес маалымат берсе, аны өз убагында бербесе же Акциянын Эрежелерин башка жол менен бузса, Уюштуруучу Катышуучуга Байгени берүүдөн баш тартууга укуктуу. Мындай баш тарткан учурда, андан кийинки Катышуучу Байге алуу укугуна ээ болот.

9.14 Уюштуруучу каалаган убакта Акциянын мөөнөттөрүн, байге фондун жана өткөрүү шарттарын толуктоо жана/же өзгөртүү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында тыюу салынбаган ыкма менен бул тууралуу өз каалоосу

боюнча билдирүү менен Акциянын бүтүндөй же бөлүгүн токтотуу, токтотуу, жокко чыгаруу укугун өзүнө калтырат. Олуттуу өзгөрүүлөр жөнүндө маалымат сайтка жайгаштырылат.

## 10. Катышуучуларга Акциянын шарттары жана Акциянын башка шарттары жөнүндө маалымдоо тартиби

10.1 Уюштуруучу Акциянын Катышуучусунан Байгени алуу үчүн зарыл болгон маалыматтарды/документтерди Уюштуруучудан көз каранды болбогон себептер боюнча албагандыгы үчүн, ошондой эле Катышуучулар ушул Эрежелерде каралган өз милдеттерин аткарбагандыгы (өз убагында аткарбагандыгы) үчүн жоопкерчилик тартпайт.

10.2 Уюштуруучу ушул Эрежелерде көрсөтүлгөндөрдөн тышкары, Акциянын Катышуучулары менен кат алышпоо же башка байланышка барбоо укугун өзүнө калтырат.

10.3 Акцияга катышуу менен Катышуучу ушул Эрежелерге жана Акцияга катышуунун бардык шарттарына макул экендигин тастыктайт.

10.4 Уюштуруучу Акциянын Катышуучусунун кетирген каталарынын кандайдыр бир кесепеттери, анын ичинде (башкалар менен катар) ал тарткан чыгашалар үчүн жооп бербейт.

10.5 Уюштуруучу бир соода-тейлөө ишканасында көп сандагы операциялар жүргүзүлгөн учурда тастыктоочу документтерди, ошондой эле соода-тейлөө ишканасынын бул сатып алуулар жөнүндө ырастоосун/түшүндүрмөсүн талап кылууга укуктуу.

10.6 Уюштуруучу Акциянын Жеңүүчүлөрүнүн тизмесин ФАА, байгелүү ордун, байгесин көрсөтүү менен жарыялоого жана Акциянын жеңүүчүлөрүнүн сүрөттөрүн каалаган жалпыга маалымдоо каражаттарында пайдаланууга укуктуу.

10.7 Ушул Эрежелерде каралбаган бардык учурларда Акциянын Уюштуруучусу жана Катышуучулары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жетекчиликке алышат.

## 11. Жеке маалыматтар

11.1 8-бөлүмдө көрсөтүлгөн Жеңүүчү тарабынан алынган кирешени андан ары декларациялоону жана/же Кыргыз Республикасынын бюджетине жеке жактардын кирешелерине салыкты кармоону жана төлөөнү кошо алганда, акциянын максаттары үчүн Жеңүүчү тарабынан Уюштуруучуга ыктыярдуу түрдө берилет.

11.2 Мында Уюштуруучу төмөнкү эрежелерди сактоого милдеттенет жана Катышуучунун жеке маалыматтары болуп саналган маалыматтар менен иштөөгө карата Катышуучуга төмөнкүдөй кепилдиктерди берет:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын бардык колдонулуучу талаптарын сактоо менен жеке маалыматтарды иштеп чыгууну камсыз кылуу;
- жеке маалыматтарды Акциянын көлөмүндө жана максаттарында гана иштеп чыгуу;
- эгерде Уюштуруучу Акциянын Катышуучуларынын алдында өз милдеттенмелерин аткаруу максатында жеке маалыматтардын субъекттеринин жеке маалыматтарын үчүнчү жактарга берүүгө же башка жол менен ачууга тийиш болсо, аталган аракеттерди Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын сактоо менен жүзөгө ашырат;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык жеке маалыматтарды иштеп чыгууда аларды коргоо жана коопсуздугун жана купуялуулугун камсыз кылуу үчүн жоопкерчилик тартууга.

11.3 Ушул Эрежелерге ылайык Акцияга катышуу фактысы Катышуучунун ушул Шарттарга макулдугун тастыктайт, ошондой эле акцияны Уюштуруучу тарабынан анын жеке маалыматтарын Акцияны өткөрүү максатында зарыл болгон ыкмалар менен иштеп чыгууга Катышуучунун конкреттүү, эркин жана маалымдалган макулдугу болуп саналат. Ушул Эрежелерде жеке маалыматтарды иштеп чыгуу деп Акциянын Катышуучуларынын жеке

маалыматтарын чогултуу, системалаштыруу, топтоо, сактоо, пайдалануу, жайылтуу, тактоо (жаңыртуу, өзгөртүү), бөгөт коюу, жок кылуу кирет.

11.4 Ушул пунктта көрсөтүлгөн жеке маалыматтарды иштеп чыгууга макулдук Акцияны өткөрүүнүн бүткүл мөөнөтүндө жана ал аяктагандан кийин 5 (беш) жыл ичинде колдонулат. Жеке маалыматтарды иштеп чыгууга жазуу жүзүндөгү макулдук Катышуучу байге алган учурда өз колу менен берилет.

11.5 Катышуучу тарабынан ишенимдүү эмес/туура эмес маалыматтардын берилиши Уюштуруучуну өзүнүн жеке маалыматтарын көрсөтпөгөн, же болбосо ишенимдүү эмес/туура эмес маалыматтарды көрсөткөн, же ушул Эрежелерде көрсөтүлгөндөй жеке маалыматтарды иштеп чыгууга жазуу жүзүндө макулдук бербеген Акциянын Катышуучуларына байгелерди берүү милдетинен бошотот.

## 12. Корутунду жоболор

12.1 Ушул Эрежелер Акцияны өткөрүү мөөнөтүндө жана Байгелерди алуу мөөнөтүндө күчкө ээ болот.

12.2 Уюштуруучу андан көз каранды болбогон себептерден улам ушул Эрежелерди сактабагандыгы үчүн жоопкерчилик тартат.

12.3 Акцияны өткөрүүгө байланыштуу талаш-тартыштар Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген тартипте чечилет.